## Б.1.3.12. Балдар риторикасы жана дүйнөлүк көркөм маданият

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:** «Балдар риторикасы» дисциплинасы студенттин кеп маданиятынын калыптанышына, теориялык жана практикалык жактан өз таасирин тийгизет. Себеби, мугалимдик кесипте билим берүү иши кеп аркылуу ишке ашаары айкын. Андыктан келечектеги адистин сүйлөө кебинин тууралыгы, тактыгы, жеткиликтүүлүгү чоң мааниге ээ. Жаш жеткинчектин кебинин бай, көркөм, таасирдүү болушуна үйрөтүүнүн жол-жоболору менен таанышат.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:** **Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредит) | Баардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лабиш | | |
| Б.1.3.12 | 3 | 4 | 120 | 32 | 32 | | 56 | сынак |

Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн студенттерге жалпы билим берүүчү орто мектепте кыргыз тили предмети боюнча ээ болушкан билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр зарыл.

**Кыскача мазмуну:** Риторика илиминин өзгөчөлүгүн, сүйлөшүү этикасын, кептеги инсандын ролун, баарлашуудагы кептин ролун жана ордун түшүнөт. Оозеки жана жазуу жүзүндөгү баарлашууну жана анын ыкмаларын жест, мимика, темп, оозеки кептин үнүнүн бийиктиги, тактыгы, кептин тону, аларды колдонуу ыктары, эрежелери жөнүндөгү билимдерге ээ болот. Кеп ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн психолингиводидактикалык негиздерин, кеп ишмердүүлүгүнүн каражатын жана ыкмаларын, окуу китептериндеги кеп ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө берилген материалдарды мүнөздөө менен аабий окууда кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн жолдорун , көркөм чыгармаларды окутууда пайдалануунун ордун жана ролун өздөштүрөт. Калыптандыруучу компетенциялар: ЖК-1;